менен тааныш, өздөрүн кандайдыр бир деңгээлде мусулман деп эсептеген,бирок жогорку деңгээлде исламга чейинки ишенимдеринин калдыктары калган калктын арасында диний ишмердик жүргүзүү деп жыйынтык чыгарсак болот.


**Колдонулган адабияттар:**

1. Аюпов.Т.М. О значении Ферганской экспедиции Ахмет-Заки Валидова для российской ориенталистики // Известия АлтГУ. Исторические науки и археология. №2 (100). 2018.
2. Бартольд В.В. Кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалган эмгектер. Бишкек. 2003.
3. Жуманалиев.Т. Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана. Том.2. Б.: 2007.
4. Материалы по истории киргизов и Киргизии. Выпуск I.M. 1973.
5. Петров К.И. Очерки феодальных отношений у киргизов в XV-XVIII вв.Фрунзе,1961.
6. Караев.О. Восточные авторы о кыргызах Бишкек.1994.
7. Юдин, Вениамин Петрович .Центральная Азия в XIV-XVIII веках глазами востоковеда. - Алматы .2001.
8. Vorozheykina Z. The Diyā al-qulūb on Pre-Islamic Beliefs of the Qirghiz // Manuscripta Orientalia. Vol. 6, No 1, March 2000. P. 19-24.


**Рецензент: т.и.к., Жолдошев Р.**


УДК:930.85:391(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-164-168



**Жолдошов Рыскул,**
тарых.и.к., профессор Ж. Баласагын атындагы КУУнин
Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Жалпы тарых кафедрасы
**Жолдошов Рыскул,**
к.и.н., профессор Кафедра всеобщей истории, факультет истории и регионоведение
КНУ им. Ж. Баласагына
**Zholdoshov Ryskul,**
Candidate of Historical Sciences, Professor Department of World History, Department of History and Regional Studies KNU named after Zh. Balasagyn
**e - mail:** zholdoshovryskul@mail.ru


# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН КОШУНА ЭЛДЕРИ, МАДАНИЯТЫ, ЧАРБАСЫ ЖАНА ТИЛИ
# СОСЕДИ ДРЕВНИХ КЫРГЫЗОВ И ИХ КУЛЬТУРА, ХОЗЯЙСТВО И ЯЗЫК
# NEIGHBOURS OF ANCIENT KYRGYZ AND THEIR LANGUAGE, CULTURE, ECONOMY


**Аннотация:** Макалада кыргыз элинин жашаган аймактары, булактарда чагылдырылган байыркы коңшулары, алардын тили,маданияты жана чарбасы, этномаданий байланыштары жана саясий мамилелери изилденди. Булактардагы маалыматтар салыштыруу жолу менен талдоого алынып иликтенди.



**Негизги сөздөр:** тарыхый булактар, байыркы кыргыздар, байыркы кыргыздардын коңшулары, тил, чарба**.**

**Аннотация:** В статье рассматривается соседи древних кыргызов,отраженных в источниках и их культура,хозяйство и язык, этнокультурная и политические связи. Сведения исторических источников изучены с методом сравнения.

**Ключевые слова:** исторические источники, древние кыргызы, соседи древних кыргызов, язык, хозяйство.

**Abstract:** The article considers neighbours of ancient Kyrgyz in historical sources and their language, culture, economy and ethno-cultural and political relations. Historical sources' records are considered by comparative methods.

**Key words**: historical sources, ancient Kyrgyz, neighbours of ancient Kyrgyz people, language, economy.

Жазма булактардагы баяндарда, тилекке каршы, байыркы кыргыздар тууралуу маалыматтар өтө кыска. Алардын дээрлик бардыгы айрым саясий окуялардагы кыскача билдирүүлөр болуп саналат. Кыргыздарга тиешелүү атайын кабарлар же алардын чарбасынын, маданиятынын өзгөчөлүктөрүн белилеген маалыматтар жокко эсе. Ошондой болсо дагы байыркы кыргыздардын коомдук - чарбалык абалына жалпы мүнөздөмө берүүгө туура келет.

Алгач аларга жанаша жашаган кошуна калктарынын ичинен эң ирилери менен кубаттуу мамлекет курган урууларга токтолсок, алар хундар, усундар жана канцзюйлар болушкан. Байыркы мезгилде кубаттуу көчмөн мамлекетин курушкан хун уруулары Борбор Азиядагы зор аймактагы элдерди басып алышкан жана алардын тарыхый тагдырларынын өнүгүсүнө таасирин тийгизген. Байыркы кыргыздар менен хундардын тарыхый алакасы бекем чырмалышкан. Хун көчмөн империясы түзүлгөндө эле, алар кыргыздардын ээлигин басып алышкан. Мына ошондон тартып кыргыздар менен хундардын ортосунда ар түрдүү формадагы байланыштар болуп өткөн жана андай алакалар эки элдин бири-бири менен тыкыз жакындашуусуна алып келген. Чыгыш Тянь-Шанды мекендешкен кыргыздардын түштүк тарабындагы кошунасы байыркы замандагы дагы бир күчтүү Усунь мамлекети болгон. Ал эми кыргыздардын чыгышында кытай булактарында уцзе (Н.Я. Бичурин боюнча "угйе") деп аталган уруу, түндүк жагында динлиндер жашаган. Аталган уруулар жөнүндө так маалыматтар өтө аз, ошол себептен илимде бул этностор тууралуу бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартыштарды жараткан маселелер бар.

Бирок байыркы кыргыздардын кошуна уруулары менен абдан көп жалпылыктары болгон. Биринчи кезекте ал маданий жана чарбалык жалпылыктардан турган. Кыргыздар кошуналары сыяктуу эле көчмөн мал чарбачылыгы менен жан сакташкан. Эрте орто кылымдардагы кытай жазмаларында кыргыздардын чарбасы тууралуу мындай маалыматтар баяндалат: "(Кыргыздардын Р.Ж.) жылкылары чымыр жана бойлуу келет. Алышканда (айгырлары Р.Ж.) күчтүүлөрүн мыкты деп эсептешет. Төө жана уйлары бар, бирок ача туяктуу жаныбарлары (кой-эчки) абдан көп. Байлары бир нече миң баш мал кармашат" [1, 359-б.]. Кыргыздар негизги чарба болгон мал өстүрүүдөн башка дагы, кошумча чарба катары жер иштетишкен. Алар жашаган жердин климаты суук болгондугуна карабастан "таруу, арпа, буудай жана гималай арпасын себишкен. Жаргылчакка тартып ун, талкан алышкан. Шарапты таруунун шагынан ачытышкан" [1, 359-б.]. Мындан тышкары аңчылыкты дагы кошумча чарба катары колдонушкандыгын баяндоо менен кытайлыктар кыргыздардын жеринде жашаган жаныбаларды жана жалпы эле илбээсиндерди санап жазышкан [1, 359-360-б.]. Кыргыздарда темир иштетүү жакшы өнүгүп, кол өнөрчүлүк жолго коюлган. Ал тууралуу "аларда алтын, темир, коргошун бар. Адатта ар бир жаандан кийин темир алышат, аны "цзя-ша" деп аташат. Эң курч согуш куралдарын жасашат жана аларды дайыма түрктөргө алып барышат" деген маалыматтар жазылган [1, 360-б.]. Жалпы эле

көчмөн элдерде согуш иштери жан багуунун бир булагы болуп, аларга чарбанын бир түрү катары кызмат өтөгөндүгү белгилүү. Байыркы кыргыздарга дагы бул көрүнүш мүнөздүү болуп, согуш өнөрү жакшы өнүккөн. Алардын аскерлери жөнүндө: "кыргыздар согуштарда жебелер менен жааны жана тууну колдонушат. Атчан жоокерлер колдорун жана буттарын жыгач калканчалар менен жабышат, ошондой эле ийиндерине жебелерден жана кылычтын миздеринен коргоп турган тегерек калканчаларды колдонушат",- деп жазылат [1, 360-б.].

Кыргыздар байыркы мезгилде көп сандуу калктардын бири болгондугун "алардын калкынын саны бир нече жүз миңге жетет, ал эми жоого жарамдуу аскерлеринин саны 80миң" деген жазма кабарлар билдирет [1, 359-б.]. Алардын адамдары бойлуу келишип, сары чачтуу, кызыл жүздүү жана көк көздүү болушат,- деп европа келбетинде экендигин сүрөттөшөт. Кара чач жаманчылыктын белгиси болуп, а кара көздөр (кытайлык аскер башчы) Ли Линдин тукумдары катары эсептелчү. Эркектер аялдарга караганда азчылыкты түзөт деп эскерилет [1, 359-б.]. Алардын айрым каада-салттарынын жана маданий түшүнүктөрүнүн элементтери эрте орто кылымдарга таандык тарых булактарында жолугат. Коомдогу маданий түшүнүктөр, каада-салт жана үрп-адаттар бир канча кылымдарда калыптана тургандыгын эске алсак, анда алардын көпчүлүгү байыркы кыргыздарга тиешелүү болгонду талашсыз. Анда кыргыздардын эркектери кулактарына сөйкө салынары, ошондой эле алар кайраттуу жана намыстуу болгондугу айтылат. Эң эр жүрөктөрү колдоруна сүрөт чегип алары, ал эми аялдары турмуш курганда моюндарына сүрөт чегери баяндалат. Борбордук Азиядагы түрк-моңгол элдерине тиешелүү деп эсептелинген 12 жаныбардын аты менен аталган жыл сүрүү календарын 1-жолу кыргыздардан жазылып алынган жана анда жылдын биринчи айын "маоши ай" (ай башы) деп атай тургандыгы айтылат [1, 359-б.]. Тарыхый жазмаларда кыргыздар отко сыйынып, өлүктөрүн өртөп, күлүн жерге көмөрү жазылат.

Кыргыздардын жана аларга кошуна жашаган уруулардын сүйлөгөн тили боюнча тарых илиминде бири-бирине карама-каршы келген кайчы пикирлер бар. Себеби байыркы уруулардын сүйлөгөн тилдик маалыматтары биздин күнгө чейин жеткен эмес. Өзгөчө өз мезгилинде даңкы алыска тараган хун урууларынын тили боюнча көптөгөн талаш көз караштар жашап келет. Мындай талаштын башталышына XIX кылымдагы Европалык тарых илиминде түрк-моңгол элдери жөнүндө маалыматтардын өтө аз болгондугу, алардын баш-аламан чаташууларына жол берген. Өзгөчө XIX кылымдын ортосунда белигилүү кытай таануучу Н.Я. Бичурин кытай булактарындагы Борбордук Азияны мекендешкен түрк-моңгол көчмөн элдерине тиешелүү тарыхый кабарларды орус тилине которуу менен европалыктарга көптөгөн жаңы материалдарды берген. Бирок анда ал азиялык көчмөндөрдүн бардыгын моңгол тилдүү эл деп берген. Себеби Н.Я.Бичуриндин заманында орус окумуштууларына орто кылымдардагы көчмөндөрдүн арасынан "моңгол-татарлардан" башкасы белгисиз болчу. Ал мезгилде түрк элдерине таандык "енисей-орхон" жазмалары чечиле элек эле. Ошондуктан Н.Я.Бичуриндин түшүндүрмөлөрүндөгү хундардан тартып, түрк, уйгур, кыргыздарга чейин моңгол тилдүү эл катары сыпатталышы, кийинки изилдөөчүлөргө таасирин берген. Мезгилдин өтүшү менен тарых илиминдеги жетишкендиктер, жаңы табылгалар, түрк элдеринин тарыхын баяндаган "енисей-орхон" жазмаларынын чечилиши сыяктуу жаңы ачылыштар түрк элдеринин тарыхтагы ордун тактоого жеткирди жана анын ичинде байыркы хун уруусу түрк тилинде сүйлөгөн алгачкы (прототүрк) элдердин бири экендигин аныктады. Тарыхый булактардагы деректердин тастыктоосу менен Борбордук Азиядагы жана Европадагы хун (гун) уруулары түрк тилдүү болгондугун бүгүнкү тарых илими расмий тааныйт. Кытай жазмалары бул жөнүндө түздөн-түз минтип билдирет: "Түрктөрдүн ата-бабалары батыш денизинин батыш жагында жашап, өзүнчө бир аймакты түзгөн. Алар "Ашина" деп аталган хундардын өзгөчөлөнгөн бөлүгү болгон" [1, 224-б.]. Бул жерде хундар

менен орто кылымдардагы ашина-түрктөрүнүн ата-бабалары бир эле уруудан болгондугун кытай тарыхчылары ачык жазышкан.

Байыркы кыргыздардын күн батышындагы мамлекеттин калкы канцзюйлар деп аталып, алардын тили тууралуу дагы так маалыматтар аз. Тарых илиминдеги изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү аларды чыгыш иран тилинде сүйлөгөн калк калк катары эсептешсе, айрымдары түрк тилдүү болушкан деген ойду карманышат. Чыгыш жагындагы кошунасы уцзе (угйе) болуп, алар тарыхта дээрлик белгисиз болуп калган. Кыргыз түндүктөгү кошунасы динлин уруулары менен өтө тыкыз аралашып жашагандыктарын тарых жазмалары тастыкташат. Динлин уруулары алгачкы түрк тилдүү (прототүрк) этностордон болгондугу илимде белгилүү. Динлиндерди кийинки кытай булактарында “теле” уруулары деп беришип, алар түрк тилинде “огуз” (“өгүз”) уруулары деп аталган. Кытай тарыхчылары динлиндер тууралуу “байыркы мезгилдеги чи-ди (кызыл- ди) уруулары, кытайлыктар тарабынан ди-ли деп аталып, кийин динлин деп жазылгандыгын кабарлашат” [2, 11-б.]. Кийинки мезгилде аларды “гаогюй” деп атай башташат, себеби термин алардын бийик дөңгөлөктүү арабаларын билдирген. “Гаогюйлар байыркы чи-ди урууларынын тукумдары. Башында аларды дили деген аташкан. Ал эми түндүктө аларды гаогюй динлиндери деп коюшат. Алардын тили хундардын тилине өтө окшош, бир аз гана айырмачылыгы бар” [1, 218-б.],- деген тексттен динлиндер түрк уруусунан экендигин, алар хундар менен бир тилде сүйлөй тургандыгын билебиз.

Кыргыздардын тили боюнча да ар кыл ойлор айтылып келет. Бирок тарых булактарындагы фактылар боюнча алар байыркы мезгилде эле түрк тилинде сүйлөгөн этностордун (прототүрк) бири болгондугун баамдай алабыз. Эрте орто кылымдардагы жазма булактардагы түрктөрдүн уламышында кыргыздар төрт уруу түрктөрдүн бир уруусу катары эсептелинген [3, 279-280-б.]. Бул уламышта орто кылымдардагы ашина – түрктөрүнүн бабасы Ашинанын атасы Нодулу-шад төрт бир тууган болуп, бири Кыргыз (Цигу) болгон. Алардын бири ак кууга (куу-киши) айланып кетет. Экинчиси Афу жана Гянь дарыяларынын аралыгында жашап Цигу (кыргыз) аталды. Үчүнчүсү Чуси суусунун боюнда падышалык кылган, а акыркысы(эң улуусу) Басычу-сиши тоосун мекендеген деп айтылат [1, 225-226-б.]. Бул уламыштагы ак кууну Алтайдагы Лебедь (Куу) дарыясы, кыргыздар жашаган Афу менен Гянь сууларын Абакан жана Кем (Енисей) дарыялары деген ойду биринчилерден болуп Н.А.Аристов жазган [3, 279-280-б.]. Ушул уламыштагы маалымат боюнча кыргыздар түрк тектүү элдин бири экендиги маалымдалат. Дагы бир булакта кыргыздардын тили жана жазуусу байыркы уйгурлар менен өтө окшош деп айтылган [1, 361-б.]. Ал эми уйгурлардын (хойху) тили түрк тилинде болгондугу тарыхта белгилүү. Алар тууралуу “уйгурлар (хойху) байыркы мезгилде дили (динлин), андан кийин гаогюй деп аталган элдин бир уруусу болот деген маалымат бар [1, 217-б.]. Байыркы уйгурлар түрк тилинде сүйлөгөн эл болсо. Алар менен тили жана жазуусу окшош болгон кыргыздар дагы түрк тилинде сүйлөгөн элдин бири экендиги белгилүү болот. Мындан тышкары эрте орто кылымдардагы кыргыздардын айрым сөздөрү кытайлар тарабынан жазылып калган. Алардагы “ай” (мезгилди санаганда колдонгон), “ай башы” (жылдын башандагы алгачкы ай) жана “бэй” ( бий- бийлик ээси) терминдер [1, 359- 360-б.] жана енисей-орхон жазмаларындагы кыргыздардын тили жалпы түрк тилинде болгондугун күбөлөйт. Бул фактылар көрсөтүп тургандай байыркы кыргыз этносу түрк тектүү элдердин башатында турган (прототүрк) уруулардын бири болуп, башкалардан айырмаланып, эң байыркы “кыргыз” аталышы азыркы мезгилге чейин сакталынып калган жападан-жалгыз этноним экендигин көрөбүз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бичурин Н.Я. Собирание сведений... –Алматы, 1998.-т.1.
2. Позднеев Д.М. Исторической очерк уйгуров: по китайским источникам.- Спб.,1889.- С. 11.
3. Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности.//Живая старина.- 1896.- вып. 3-4.

**Рецензент: т.и.к., Арзыбаев Т**

УДК 94 (3)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-168-174

**Рахматуллаева Озода Рустамовна, Турекулова Жулдыз Елтаевна**
тарых илимдеринин кандидаты, Низами атындагы Ташкент мамлекеттик университетинин Өзбекстан тарыхы кафедрасынын доценти, Ташкент, Өзбекстан,
PhD доктор, М. Ауэзов атындагы Түштүк Казакстан Университетинин «Философия жана Культурология» кафедрасынын доценти Шымкент, Казакстан.
mail: turekulova74@mail.ru
**Рахматуллаева Озода Рустамовна, Турекулова Жулдыз Елтаевна**
кандидат исторических наук, доцент кафедры «История Узбекистана» Ташкентского государственного университета имени Низами, Ташкент, Узбекистан,
PhD доктор, доцент кафедры «Философия и культурология», Южно-Казахстанский университет им. М. Ауезова, Шымкент, Казахстан. E-mail: turekulova74@mail.ru
**Raxmatullayeva Ozoda, Turekulova Zh.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor of the Department of History of Uzbekistan, Tashkent State Pedagogical University named after Nizami, Tashkent, Uzbekistan,
PhD Doctor, Associate Professor of the Department "Philosophy and Cultural Studies", M. Auezov South Kazakhstan University, Shymkent, Kazakhstan.
E-mail: turekulova74@mail.ru

## АМИР ТЕМУР АБАЛЫНЫН АЛТЫН ОРДО МЕНЕН БАЙЛАНЫШТАРЫНЫН СУРООЛОРУНА КЭЭ БИР КОММЕНТАРИЙЛЕР
## НЕКОТОРЫЕ КОММЕНТАРИИ К ВОПРОСУ ОБ ОТНОШЕНИЯХ ГОСУДАРСТВА АМИРА ТЕМУРА С ЗОЛОТОЙ ОРДОЙ
## SOME COMMENTS ON THE QUESTION OF THE RELATIONS OF THE STATE OF AMIR TEMUR WITH THE GOLDEN HORDE

**Аннотация:** Амир Темур дүйнөлүк тарыхтагы маанилүү инсан жана тарыхнааманын эң маанилүү темаларынын бири бойдон калууда. Борбордук Азия чөлкөмүнүн изилдөөчүлөрүнүн советтик, чет элдик жана заманбап тарыхый адабияттарында баса белгиленген, ошого карабастан, Амир Темурдун Алтын Ордо менен болгон мамилелеринин тарыхына байланыштуу бир катар маанилүү маселелер бар, аларды тереңирээк карап чыгууну талап кылат.

**Түйүндүү сөздөр:** Амир Темур, Алтын Ордо, тарых, тарыхнаама, аскердик жүрүштөр

**Аннотация:** Амир Темур остается важной фигурой для мировой истории и одной из наиболее важных тем в историографии. Тем не менее, существует ряд важных вопросов, касающихся истории отношений Амира Темура с Золотой Ордой, которые требуют своего дальнейшего рассмотрения, хотя данная проблема была освещена и в советской, и в